**Күлүп коймой**

**Сөзү**: Надырбек Алымбеков

**Обону** Арзыбек Бедияров

Аткаруучу Тынчтыкбек Нурманбетов, Акмаанай Эшпаева

Көргөндө адатың бар күлүп коймой,

Көңүлдүн көксөгөнүн билип коймой.

Көрүнбөс наштар барбы кирпигиңде

Билдирбей жүрөк үчүн тилип коймой.

Жолуксаң жоругуң бар күлүп коймой,

Жооп алгыр ойлогонду билип коймой.

Бөлүнүп узап кетсең мен турамын,

Бөлөктү көңүлүмө илип койбой.

Башканы көңүлүмө илип койбой

Баш ийкеп өтүп кетсең күйүп жанып,

Балбылдап карегиңден билик жанып.

Байланып кумар болсун сенде калып,

Мен калам сезимдерге бүлүк салып.

Жылдыздай  алтын казык үмүт жанып,

Жылмайып күлгөнүңдү сүйүп калып.

Өзүңдөн тутандырып алдым окшойт,

Өчпөгөн сүйүү отун бийик жагып.

Өчпөгөн сүйүү отун бийик жагып